# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору Максат Кубатович Асаналиевдин сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2026-жылдын 27-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К.Дж. Кыдырбаев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору М.К. Асаналиевдин сунуштамасын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2026-жылдын 17-февралында Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору М.К. Асаналиевдин Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин (мындан ары – УБжК) 552-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамада белгиленгендей, талашылып жаткан нормага ылайык, экинчи инстанциядагы сот үч судьянын курамында апелляциялык тартипте ушул Кодекстин 454-беренесине ылайык түздөн-түз соттун караштуулугундагы укук бузуулар боюнча иштин жыйынтыгы менен кабыл алынган укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго даттанууну кароонун жыйынтыгы менен, төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат: укук бузуулар жөнүндө иш боюнча токтомду өзгөртүүсүз, ал эми апелляциялык даттанууну, апелляциялык сунушту - канааттандыруусуз калтыруу тууралуу;

укук бузуулар жөнүндө иш боюнча токтомду жокко чыгаруу жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу тууралуу.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан, укук бузуу иштери боюнча акыркы жылдарда соттор тарабынан кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугуна жалпылоо жүргүзүлүп, анда УБжКнын 552-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык апелляциялык инстанциядагы сот ишти кароонун жыйынтыгы менен биринчи инстанциядагы соттун чечимин бузуп, жаңы чечим кабыл алууга, аны өзгөртүүгө ыйгарым укуктары каралбаганынан, анын негизинде көпчүлүк учурларда негизсиз соттук актыларына келтирилген сунуштар жана даттануулар канааттандыруусуз калтырылып жатканы аныкталган.

Ушуга байланыштуу кайрылуу субъектиси аталган ченемдин мазмунун системалык жана түз мааниде талдаганда, мыйзам чыгаруучу апелляциялык инстанциядагы сотко биринчи инстанциядагы соттун токтомун жокко чыгаргандан кийин иш боюнча өз алдынча жаңы чечим кабыл алуу же аны өзгөртүү, жаза чарасын өзгөртүү, квалификацияны алмаштыруу сыяктуу укугун берген эмес деп эсептейт.

УБжКнын 7-беренесинин 3, 4-6-бөлүктөрүнүн талаптарына ылайык укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарды окшоштугу боюнча колдонууга тыюу салынат жана укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ушул эле Кодексте жана башка мыйзамдарда белгиленген алардын ыйгарым укуктарынын негизинде жана чектеринде жүзөгө ашырылат.

Ал эми, процессуалдык укуктук тажрыйбада соттун ыйгарым укуктары кеңейтилип чечмеленүүгө жол берилбейт, алар мыйзамда түз жазылган көлөмдө гана колдонулат.

Ошол себептүү, УБжКнын 552-беренесинин 1-бөлүгү ченемдик мазмунуна ылайык апелляциялык инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы соттун чечимин жокко чыгарган учурда иштин маңызы боюнча өз алдынча

башка чечим кабыл алууга же аны өзгөртүүгө укуктуу эмес, ал мыйзамда каралган эки варианттын бирин гана кабыл алууга милдеттүү.

Кайрылуу субъекти, апелляциялык инстанциядагы сот укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча акыркы соттук инстанция болгонун жана анын соттук актылары даттанууга жатпаганын эске алуу менен анын жогоруда көрсөтүлгөндөй ыйгарым укуктарынын чектелиши адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна түз коркуныч жаратып, соттук коргонуу укугу формалдуу мүнөздө калып, мазмундук жактан толук ишке ашпай калат.

Эгер төмөнкү инстанцияда материалдык же процессуалдык ченемдери туура эмес колдонулуп, иштин жагдайлары толук аныкталбай же далилдерге туура укуктук баа берилбей калган болсо, бирок жогору турган сот инстанциясы мындай катаны аныктоо менен чектелип, аны өзүнүн жаңы чечими менен жоюуга ыйгарым укуксуз болуп, ал эми кабыл алынган соттук акт мындан ары даттанууга жатпаса, анда адам бузулган укугун сот тартибинде реалдуу калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн жоготот.

Мындай кырдаалда сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгү чектелип, натыйжалуу соттук коргонуу, сот актыларын кайра кароо жана укук бузууну жоюу кепилдиктери иш жүзүндө камсыздалбай калат. Натыйжада мыйзамдуулук принциби формалдуу сакталгандай көрүнгөнү менен, укуктук коргоонун мазмундук натыйжалуулугу төмөндөп, адамдын сот аркылуу өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо укугу толук ишке ашпай калат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде жана эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет, ошондой эле мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар аркылуу өз укуктарын жана эркиндиктерин коргоого

жана бузулган укуктарынын калыбына келтирилишин камсыз кылууга укуктуу.

М.К. Асаналиев Конституциянын бул жоболору ар бир адам өзүнүн конституциялык жана мыйзамдык укуктары бузулган же талашка түшкөн учурда көз карандысыз жана ыйгарым укуктуу сотко кайрылууга, ишинин маңызы боюнча кароону жана укуктук баа берүүнү талап кылууга ажырагыс укукка ээ экенин билдирет, мында бул кепилдик укуктун булагына карабастан - улуттук мыйзамдардан, эл аралык келишимдерден же эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринен келип чыккан укуктарга да жайылтылат.

Ошол эле учурда, көрсөтүлгөн конституциялык ченемдер мамлекет бузулган укуктарды формалдуу таануу менен гана чектелбестен, аларды иш жүзүндө калыбына келтирүүгө багытталган укуктук механизмдерди түзүүгө милдеттүү экенин билдирет.

Мындай жагдайда, жарандардын формалдуу түрдө сотко кайрылуу жана апелляциялык кароо мүмкүнчүлүгү бар болгону менен жогору инстанция укук бузуу фактысын аныктаган учурда да аны мазмундук жактан оңдоп, жаңы укуктук натыйжа чыгара албаса, анда коргоо механизми натыйжасыз мүнөзгө ээ болуп калат.

Натыйжада адам мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар аркылуу укугун коргоо жана бузулган укугун калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн иш жүзүндө пайдалана албайт, бул болсо Конституция кепилдеген соттук коргонуу укугунун мазмундук көлөмүнүн чектелишине жана укуктук коргоонун жетиштүүлүк принцибинин бузулушуна алып келет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы сунуштаманы жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн

судья-баяндамачы К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык, бул конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген кайрылуу конституциялык өндүрүш тартибинде кароого себеп болуп саналат.

Судьялар коллегиясы келтирилген материалдардан УБжКнын 552-беренесинин 1-бөлүгү Конституцияга ылайык келүү маселесинде аныксыздыктын пайда болгондугу байкалат жана бул ишти Конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз бар деп табат.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын сунуштамасы формасы жана мазмуну боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30- беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору Максат Кубатович Асаналиевдин Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 552-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ушул аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.Дж. Кыдырбаев

Ч.А. Айдарбекова

М.Р. Бобукеева

№______